**Айнура Султанованын «Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери” аттуу темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясына**

**ПИКИР**

Айнура Султанованын «Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери» темасында жазылган кандидаттык диссертациясы Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимдеринин фонетикалык өзгөрүүлөрү тарыхый мыйзам ченемдери комплекстүү изилдөөгө арналган. Ошону менен бирге кыргыздар Орто Азия чөлкөмүндө жергиликтүү калк экендигин, когнитивдик компоненттердин лингвистикалык мазмунун жана кыргыз урууларынын этникалык жактан биримдүүлүгүн конкреттүү топонимдердин мисалында тастыкталат. Аталган маселе азыркы күндө өтө актуалдуу болуп саналат.

Иш киришүүдөн, «**Топонимия жана анын ареалдык лингвистиканын обьектиси катары изилдениши**» деп аталган биринчи баптан, «**Чоң-Алай топонимиясын изилдөөнүн методологиясы, методдору жана материалдары**», “**Чоң-Алай топонимдеринин структуралык өзгөчолүктөрү**” деген экинчи, үчүнчү главалардан, корутунду, илимий булактардын тизмесинен турат.

Киришүүдө иликтөөгө алынган объектинин онтологиялык мүнөздөмөсү жана иштин негизги мазмуну боюнча кыскача маалымат берилет. Илимий иликтөөгө алынган факты-материалдардын жайгашуусу перспективалык багытта жана логикалык жактан туура тутумду түзөт.

Биринчи – «**Топонимия жана анын ареалдык лингвистиканын обьектиси катары изилдениши**» деп аталган бапта изилдөөчүнүн жетишкендиги катарында кыргыз тилинин кыргыз элинин тарыхы менен болгон тыгыз байланышын, топонимдердин тилдик түзүлүштөн алган ордун көрсөтө алгандыгын белгилесек болот. Ошондой эле топонимдер тилдик далил гана болуп саналбастан, кыргыз этносуна тиешелүү болгон аймактарды да географиялык жактан мүнөздөйт жана Борбордук Азияга болгон кыргыз элинин тарыхый таасирин аныктайт.

«**Чоң-Алай топонимиясын изилдөөнүн методологиясы, методдору жана материалдары**» деп аталган экинчи бапта Айнура Султанова топонимдердин этимологиялык планына талдоо жүргүзгөн. Ошондой эле изилдөөчү кыргыз тилинин өнүгүүсүндөгү мыйзам ченемдердин топонимдердин жасалышын изилдөөнүн методологиялык өзгөчөлүгүн тилдик фактылар менен далилдөөгө аракет кылган. Айнура Султанова

топонимдердин когнитивдик-семантикалык түзүлүшүн изилдөөдө топонимдердин ички формасынын, б. а. маанисинин өзгөрүүсү анын сырткы формасынын калыптанышына өз таасирин көрсөтө ала тургандыгын топонимдердин негизинде далилдеген.

“**Чоң-Алай топонимдеринин структуралык өзгөчөлүктөрү**” деп аталган бапта изилдөөчүнүн жетишкендиги катарында кыргыз тилинин кыргыз элинин тарыхы менен болгон тыгыз байланышын жана топонимдердин тилдик түзүлүштөн алган ордун көрсөтө алгандыгын белгилесек болот. Ошондой эле топонимдер тилдик далил гана болуп саналбастан, жалпы түрк тилдеринин өнүгүүсүнө болгон кыргыз элинин тарыхый таасирин аныктай тургандыгы ачыкталган.

Изилдөөнүн теориялык негизин изилдөөчү белгилүү окумуштуулар: С.М.Абрамзон, В.В.Бартольд, Б.М.Юнусалиев, Б.О.Орузбаева, Д.Исаев жана К.К.Конкобаевдердин эмгектерин жетекчиликке алуу менен түзгөн.

Илимий жетекчи катары Айнура Султанованын изилдөөсүн кемчиликсиз деп айта албаймын. Бирок бул изилдөө иш темасына ылайык коюлган онтологиялык проблеманы илимий деңгээлде чече алган.

Жогоруда айтылгандардын негизинде Айнура Султанованын **«Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери”** аттуу темада жүргүзгөн изилдөөсүн толук бүткөн иш катары кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарга жооп берет деп эсептейм жана аны кандидаттык диссертация катары **10.02.01 – кыргыз тили адистиги** боюнча коргоого сунуштайм.

**Илимий жетекчи –**
КР билим берүүсүнө эмгеги сиңген кызматкер,
филология илимдеринин доктору, доцент
**С.З. Садыкова**

С. З. Садыкованын колун тастыктайм
[illegible]
5.12.2023